Нарын районуна караштуу Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун токтому

Катышкан ата-энелердин саны- 42 — 12- сентябрь 2019-жыл

Мугалимдер -12 — Өрнөк айылы

Күн тартиби:

1. 2018-2019-окуу жылында мектептин аткарылган иштердин отчету
2. Үч тараптуу келишимди талкулоо, жана ата-энелер фондду боюнча түшүндүрүү.
3. Ар кандай маселелер

Угулду : Сөз мектеп директору К.Сулаймановага берилди: өткөн окуу жылында мектепте көп иштер жасалды атай кетсем:

- Келгиле окуйбуз долбоору менен башталгыч класстын мугалимдери иш алып барылып, ачык сабактар өтүлдү. Ата-энелер менен иштөө боюнча райондук денгээлде тренинг өтүлдү.
- Даталуу күндөрдү белгилөөдө Ч.Айтматовдун 90 жылдык маарекесин белгилөөдө мугалимдер райондук сынакта алдынкы орундарды камсыздашты.
- Предметтик олимпиадада 11-класстын окуучулары райондук турда Болотбек кызы Макмал орус тили сабагынан 3-орунду ээледи жана Сүйүнбек уулу Айбек биология сабагынан 3-орунду камсыздады.
- Географиялык аянтча кайра жаныртылып жасалып райондук сынакта география мугалими Бапанова Кундуз активдүү катышуучу болду.
- Тарых мугалими Мамбетова Мирзат "Мугалим - коомдун күзгүсү" аттуу сынакта областык турда баш байгени, ал эми республикалык турда 3-орунду камсыздады.
- ЖРТнын жыйынтыгы боюнча билим сапат - 60% түздү.
- Көзөмөлчү Кенешти ар тараптуу колдоо көрсөткөн Ага хан фонду тарабынан пландалган коомдук угуу өткөрүлүп мектептин көйгөйлөрүн чечүү максатында демөөрчүлөр 3500 сомго спорт топторун, 4000 сомго тогуз коргоол, 1500 сомго шахмат, 1600 сомго ашканага мискей алынып беришти
- Ата-энелер 3000 сомго ламинант аппаратын жана1280 сомго гүл челек алып беришти

Угулду: ОББ Нааматова Атыркүл- окуучулардын билим сапатына токтолду жана ийримдердин жетишкендиктерин атай кетти, мисалы ментальный арифметика боюнча олимпиадага республикалык турга чейин жетишкендер:
1-класстын окуучусу Орозбекова Элайым жана 4-класстын окуучусу Мирбек уулу Чоро . "Каганат" акыл ордонун окуучулары райондук таймашта 4-орунга жетишишкен. "Мен Кыргызстандыкмын" аттуу ыр сынагында 11-класстын окуучусу Жолдошбекова Эркеайым райондук турда 3-орунду ээлеген. Жайкы лагерь уюштурулуп, 20 бала көңүлдүү эс алышты.

2-маселе боюнча сөз уюштуруучу А. Кармышбековага берилди: Ата-энелерге үч тараптуу келишимдеги мугалимдин, ата-эненин жана окуучунун укуктары жана миллеттерин окуп берди. Ата-энелер кышкы мезгилде кыздарга классикалык шым кийгизүү сунуштары айтылды. Көзөмөлчү Кеңештин төрайымы Мурзаканова Аксана ата-энелерден чогулган 100 сомдук взносту өзү чогултканын айтып берди. Акча каражаттын ККтин мүчөсү Абдыкалыкова Жыпар өзү кармап эмнеге жумшалгандыгы жөнүндө отчет берди. Быйыл дагы 100 сомдон ата-энелер берели деп макулдуктарын айтышып, бирок акчаны мектептин ар кандай муктаждыктарына коротпой, Ага хан фонду тарабынан бериле турган грантты утуш үчүн өздүк салым катары чогулталы деп жалпы ата-энелер колдошту. Андан сырткары ата-энелер фондунан "Бакай" банкта депозитке 6000 сом(алты мин) бар экендигин ККтин төрайымы түшүндүрдү. Жалпы ата-энелер комитетинин төрайымы Үсөнбек кызы Айпери кайра шайланды. Көзөмөлчү Кеңештин курамы өзгөрүлгөн жок жана ата-энелер тарабынан алардын иштери жакшы деп бааланды

3-маселеде кесиптик бирлик уюмунун төрайымы Ж.Түлөбердиева төмөнкүлөргө токтолду: 1-4-класстын окуучуларына ысык тамакты берип жаткан ашканачыга кошумча акыны, б.а. 50 сомдон ар бир окуучуга ата-энелер төлөп берип келишкен. Быйыл дагы колдоо көрсөтүп 50 сомдон ай сайын беришсе туура болорун түшүндүрдү жана ата-энелер жалпы колдоп беришти.

Угулду: мектеп директор К.Сулайманова — мектепке ремонт иштерине жылына бир жолу 7900 сом жана прочий расходко жылына 3500 сом бөлүнөрүн айтып, ал толук ремонтоого жетпестигин жана мектептин көмөкчү чарбадан түшкөн каражаттан дагы пайдаланаарын айтты. Мектептин биотилкеге айдалган картошка балдардын тамагына берилип жаткандыгын жана мындан да көп жашылча айдап, түшүмүн балдарга

берилсе жакшы болмок, бирок суу тартыштыгы өз кедергисин тийгизип жатат деди. Балдар толук тамактануу үчүн 10 сом жетишпегендиктен Мерсико же Бириккен Улуттур Уюмунун программасына кирүү үчүн ашканага таза суу киргизүү азыркы күндүн чоң көйгөйү экенин түшүндүрдү жана ата-энелердин, коомчулуктун колдоосу керек экендигин айтты. Азыр керектүү курулуш материалдарын жана аткарылуучу иштердин тизмеси аныкталып бболжол менен 300 мин сомдун өлчөмүндө каражат кетерин билдирди. Таза суу киргенден кийин ашкананын керектүү жабдууларын жана бир жылдык азык түлүк менен камсыз болот деген маалыматты берди.

Жогорудагы маселерди угуп жана талкуулап ата-энелердин жалпы чогулушу

Токтом кылат:

1. 2018-2019-окуу жылында Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинде жүргүзүлгөн иштери жакшы деп табылсын.
2. Үч тараптуу келишимге ата-энелерге кол койдуруу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин. Мектептин жалпы ата-энелер комитеттин төрайымы Үсөнбек кызы Айпери кайра бекитилсин.
3. Ашканачыга кошумча акы берүү үчүн ай сайын 50 (элүү) сомдон берүү жагы 1-4-класстын ата-энелерине жүктөлс

Ата-энелер чогулушунун төрайымы: ____________К. Сулайманова

Катчы : ____________А. Кармышбекова

Нарын районуна караштуу Жакып Өмүралиев атындагы орто

мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун токтому

Катышкан ата-энелердин саны- 42 12- сентябрь 2019-жыл

Мугалимдер -17 Өрнөк айылы

Күн тартиби:

1. 2019-2020-окуу жылында мектептин аткарылган иштердин отчету

2. Үч тараптуу келишимди талкулоо, ата-энелер комитеттерин, көзөмөлчү кенештин жана профилактикалык кенештин курамын өзгөртүү жана бекитүү.

Угулду : Сөз мектеп директору К.Сулаймановага берилди: өткөн окуу жылында эски мектептин артында жайгашкан беседка ремонттолуп бүттү, китептерди сактай турган бөлмө жасалды. Жаңыкорпустун залынын кафели алмаштырылды, терезелердин пардоолору жаңыртылды, видео көзөмөл орнотулду (2 мектептин сыртына жана 2 мектептин ичине). Өткөн окуу жылдын билим сапаты- 45% түздү. Окуучулар бирдиктүү форма кийүүгө өтүшкөн. Быйыл жаны окуу жылында 21 мугалим эмгектенип жатат, бардык предметтер боюнча мугалимдер жетиштүү . Окуучулар эки сменде окууга шарттар бар.

Угулду: окуу бөлүмүнүн башчысы А. Нааматова: жаңы окуу жылында он бир класс комплект ачылып, жаңы алты мугалим келди.Окуучулардын саны 115ге жетти. Ментальный арифметика жана англис тили боюнча акы төлөнүүчү ийримдер ачылды, ушул ийримдерге балдарды бериңиздер себеби сабак өздөштүрүүсү, ой жүгүртүүсү өсөт.

2-маселе боюнча сөз уюштуруучу А.Кармышбековага берилди: Көзөмөлчү кеңеш өткөн окуу жылында он бир миң чогултуп, анын алты миң сомун банкка депозитке салынган, түстүү принтерге 5000 сом кошуп беришкен. Мектептин уставы боюнча үч тараптуу келишимде жазылган ата-эненин милдети окулду, мугалимдин милдети жана окуучулардын милдеттери айтылды. Көзөмөлчү кеңештин курамына Мамбетова Гүлбүбү жанаМаанаева Алмагүл киргизилди. Энелер мектеби боюнча иш планга киргизилди.

Жогорудагы маселерди угуп жана талкуулап ата-энелердин жалпы чогулушу

Токтом кылат:

1. 2019-2020-окуу жылында Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинде жүргүзүлгөн иштери жакшы деп табылсын.
2. Үч тараптуу келишимге ата-энелерге кол койдуруу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин. Класстын ата-энелер комитети, камкорчу кенеш жана профилактикалык кенештин курамына көрсөтүлгөн адамдар бекитилсин.

Ата-энелер чогулушунун төрайымы: ___________К. Сулайманова

Катчы :__________ А. Кармышбекова

Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинде өткөн 7-11-класстын окуучулары жана ата-энелеринин чогулушунун токтому

2021-жыл 26-февраль

Катышкан ата-энелер-10

Окуучулар-22

Мугалимдер-7

ИДН кызматкери-1

Чогулуштун күн тартибинде каралуучу маселе:

1.Окуучуларды тартипке чакыруу, зордук-зомбулуктун алдын алуу, анонимдүү кайрылууну талкулоо

Чогулуштун жүрүшү.

Сөздү мектептин уюштуруучусу А.Кармышбекова алды: Катышуучуларга бүгүнкү чогулуштун уюштурулуш себеби боюнча маалымат берди. Мектепте окуучулар арасында сый-урмат мамиле болушу керектигин жана буга чейин сакталып келген жакшы мамиле мындан ары уланышы керектиги жөнүндө айтып берди. Буга чейинки уюштурулган рейд учурунда тартип бузуу катталбаганы жакшы көрүнүш экендигин айтып өттү.

Сөздү ИДН кызматкери милициянын капитаны Н.Ибраева алды. Мен 2020-21-окуу жылында силер кызматташып иш алып барып келем. Ушул учурга чейин одоно тартип бузуу катталган эмес.Мектептеги окуучулардын саны аз болгондуктанбы тартип бузууну көрө алган эмесмин. Мага кечээ анонимдүү түрдө(оозеки) силердин апаңардын бирөө кайрылды. Бүгүн сиздерге ушул кайрылуу боюнча маалымат берип коюну туура көрдүм. Сактансам сактаймын дейт, менин жана агай-эжейлериңердин милдети зордук-зомбулуктун алдын-алуу боюнча чараларды көрүү.Бул апанын кайрылуусунда баласын башка класстын окуучусу шылдыңдап жаткандыгы, эгерде дагы бир жолу шылдыңдоо болсо башкача кадамга барары тууралуу айтылат.Мына ушул маселени талкуулайлы деп чогулдук.

Сөздү Шейшеналиев Калыстын атасы Чобиев Тынчтык алып ал сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. Бул чогулушту туура уюштургансыздар. Мен милиция тармагында иштеген адам катары сиздерди толук түшүнөм. Ушундай алдын алуу иштери сөзсүз болуп турушу керек деп эсептейм. Мугалим эч убакта окуучунун жаман жолдо жүрүшүн каалабайт.Мен өз баламды көзөмөлгө алам, тартип бузуусуна жол бербегенге аракет кылам.

Сөздү Адылов Нуртилектин атасы Адылов Нурлан балдарга көзөмөл кылышыбыз керек ушундай нерселерден улам чоң чыр келип чыгарын маалымат булактарынан көрүп жүрөбүз.

Сөздү Замир уулу Бекболдун апасы Мурзаканова Аксана алды. Туура айтасыздар балдарга кам көрүшүбүз зарыл. Бир класстын окуучусуна бир класстын окуучусу шылдыңга алышы туура эмес көрүнүш.

Сөздү Муңайтпасов Канат алып төмөндөгүлөргө токтолду. Мен өз уулумду көзөмөлгө алам, мектеп менен байланышып турам.

Чогулуштун жүрүшүндө балдар менен сүйлөшүү жүргүзүлдү. Каралган маселе боюнча түшүндүрүлдү. Тартип бузган окуучулар аныкталды.

Токтом кылынды:

1.**Азамат уулу Ырыскелди, Максатбеков Билал, Нурбек уулу Бекжан, Талантбек уулу Дастан** мектептин ички учетуна алынып иш алып барылсын.

**Катчы:** **И.Дүйшөкеева**

# Ата-энелер чогулушунун токтому

Чогулуштун темасы: Баардыгыбыз мектеп үчүн!

күнү 28.09.2022-жыл

Жалпы ата-эненин саны : 48

Катышкан ата-эненин саны: 48

Каралуучу маселелер:

1.2021-2022-жылындагы жасалган иштерге саресеп

2.2022-2023-окуу жылында жасалуучу иштер,үч тараптуу келишим

3.Ар кандай темадагы маселеер

УГУЛДУ:

Сөз мектеп диретору А.Нааматовага берилди:өткөн окуу жылындагы жасалган иштер —Окуу керемет долбоору менен башталгыч класстын мугалимдери менен иш алып барылып,ачык сабактар өтүлдү.Ата-энелер менен биргеликте треннингдер өтүлдү.

-ЖРТнын жыйынтыгы менен боюнча билим сапаты 87% түздү

-Улуттук олимпиадага Замирбек кызы Акмаанай,Кубандыкова Адинай ,Шарипова Сайкал катышып, 2-турга жетишти.

- "Атам жана мен" аттуу конкурска Туратбекова Фарида катышып,500сом өлчөмүндө акчалай сыйлыкка ээ болду

- 2021-2022-окуу жылында Жаш мугалим -2022 конкурсуна география мугалими Бапанова Кундуз өрөөндүк турга катышып,3-орунду камсыз кылды

-Сырткы айлана-чөйрөнү ремонттоо иштери жүргүзүлүп,жакшы иштер жасалды.Өз убагы менен ремонттолду.

2-маселе боюнча: Быйылкы 2022-2023-окуу жылында жасалуучу иштер абдан көп,абдан чоң."Изденип иштөө-ийгиликке жол ачат" демекчи изденүү менен көптөгөн ийгиликтерди багындыра алабыз.

-Олимпиададан чыгуу

-"Манас таануу" сынакка катышуу,ийгиликке жетүү

- Ар кандай сынак,таймаштарга катышуу

- мектепти кошумча корпус менен толуктоо

Ж.бкөптөгөн пландарды коюп жатабыз.

Жылда эле ата-эне ,мугалим ,окуучулардын ортосунда мамилени ,ишти бекемдөө максатында жылда эле Үч тараптуу келишим бекитилип келүүдө.Үч тараптуу келишимдеги милдет,максаттар,окулуп ар бирине түшүндүрүлдү.Ар ир класс жетекчи өз класстары менен иш жүргүзө тургандыгы белгиленди.

3-маселе боюнча:

Ар кандай темадагы маселелер боюнча сөз алып,сөзгө мектептин ата-энелер коитетинин төрайымы Үсөнбек кызы Айпери сүйлөп ,өз оюн ортого салды.

Мктепте чогултула турган акчанын көлөмүн 200сомго көтөрүүгө оюн айтышты.Себеби азыркы күндө бардык нерсе кымбат болгондуктан,ушундай акча чогултпасак болбостугун айтып өттү.Тамакка ата —энелер менен иш алып барып “Көп түкүрсө көл болот” дегендей демөөрчүлүк менен ар бир ата-эне өз колдоолорун көрсөтүп беришти.

Чекиров Совет 1мешок пияз

Курманов Элкинбек 1мешок пияз

Өмүралиев Алмаз 1 мешок ун,1мешок картошка,

Кайыпбергенов Бердибек 1 мешок ун

Чекиров Талант 10кг күрүч

Токтобай уулу Баялы 1мешок ун

Туратбеков Бейшенбек 1 мешок ун, 10кг сабиз

Жөлөгөнов Нурлан 2кг сары май ж.б өз демөөрчүлүгү менен тамак-аштарга жардамдарды көрсөтүштү.

Дагы жакшы жаңылык быйылкы окуу жылда Комуз ийрими ачыла тургандыгын,эгер каалоочулар болсо,жазылып катышууларын айтты.

Бүтүрүүчү класстын окуучулары кошумча окуулардан окуу менен мектептин билим сапатын көтөрүүгө өз салымдарын кошо тургандыктары белгиленди.Ар бир ата —эне балдарына шарт түзүп окутууга жардам берүүлөрү айтылды.

## ЧОГУЛУШ ЖОГОРУДАГЫ АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПИКИРЛЕРИН ЭСКЕ АЛЫП ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Үч тараптуу келишим менен ата-эне,мугалим,окуучулар биргеликте иш алып барын

2.ЖРТдан жогорку балл алуу үчүн ата-энелерге окутуу жагы жүктөлсүн

3.Ысык тамакка 200 сомдон чогултуу ата-энелер комитеттерине милдеттендирилсин

4.2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер “мыкты” деп табылсын

Уюштуруучу: [signature] А.Байсакова